**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Каада – салт, үрп – адат, адамдык оң – терс сапаттар. –Б.: 2002. 400-б.
2. Айтматов Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. 1 – том, -Б.: 1999. 248-б.
3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. Түзгөн: Акматалиев А. –Б.: 2008. 27-б.
4. Карасаев Х, «Өздөштүрүлгөн сөздөр», сөздүк,Ф., 1986 . 344-б.
5. Карасаев Х. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ф.: Мектеп,-1984. 417-б.
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү», Б, 2015, 1-2-китеп . 37-б.
7. Оморов А. «Ата-бабалар табериги», Б., 2011-ж. 57-б.
8. Солтонбеков Б. Кылымдарды карыткан кыргыздардын каада-салттары -Б.: -2000, 4- б.
9. Юдахин К. Кыргызча-орусча сөздүк, Б., «Шам», 2000. 325-б.

УДК: 2-4(575.2)(04)

**Закирова Атыргүл Сатаралиевна**
КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология
жана этнология институтунун илимий кызматкери

## СТАМБУЛДАГЫ КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНЫН АДАПТАЦИЯСЫ ЖАНА ӨЗДҮГҮН АНЫКТООДОГУ ДИНИЙ ПРАКТИКАЛАРДЫН РОЛУ

**Закирова Атыргүл Сатаралиевна**
Научный сотрудник Института истории, археологии
и этнологии имени Б.Джамгерчинова НАН КР

## РОЛЬ РЕЛИГИОЗНЫХ ПРАКТИК В АДАПТАЦИИ И САМОИДЕНТИФИКАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ МОЛОДЕЖИ В СТАМБУЛЕ

**Zakirova Atyrgul Sataralievna**
Researcher at the B.Dzhamgerchinov Institute of History, Archeology and Ethnology
of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

## THE ROLE OF RELIGIOUS PRACTICES IN THE ADAPTATION AND SELF-DETERMINATION OF KYRGYZ YOUTH IN ISTANBUL

**Аннотация**. Стамбулда жүргүзүлгөн этнографиялык изилдөө кыргыз жаштарынын жаңы маданий жана социалдык чөйрөгө адаптациясына диний практикалардын тийгизген таасирин изилдөөгө мүмкүндүк берди. Диний иденттүүлүк жана мигранттардын адаптациясына байланышкан маселелер бүгүнкү күндө глобалдашуунун жана миграциялык процесстердин күчөшү менен өзгөчө актуалдуу болууда. Бул изилдөө жаштардын диний практикалары алардын түрк коомчулугуна интеграцияланышына кандайча көмөктөшөөрүн жана улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн сактоосуна кандай таасир этээрин талдоого алууга багытталган.

**Негизги сөздөр:** миграция, адаптация, диний практика, улуттук иденттүүлүк, диний иденттүүлүк, кыргыз жаштары.

**Аннотация.** Этнографическое исследование, проведённое в Стамбуле, позволило изучить влияние религиозных практик на адаптацию кыргызской молодежи в новой культурной и социальной среде. Вопросы религиозной идентичности и адаптации мигрантов становятся особенно актуальными в современном мире в условиях глобализации и усиления миграционных процессов. Данное исследование направлено на анализ того, каким образом религиозные практики способствуют интеграции молодежи в турецкое общество и в то же время помогают сохранять её национально-культурные особенности.

**Ключевые слова:** миграция, адаптация, религиозная практика, национальная идентичность, религиозная идентичность, кыргызская молодежь.

**Abstract**. Ethnographic research conducted in Istanbul allowed us to explore the role of religious practices on the adaptation of Kyrgyz youth to a new cultural and social environment. The issues of religious identity and adaptation of migrants become particularly relevant in the modern world in the context of globalisation and increased migration processes. This study aims to analyse how religious practices contribute to the integration of young people into Turkish society, while at the same time helping to preserve their national and cultural characteristics.

**Key words:** migration, adaptation, religious practice, national identity, religious identity, kyrgyz youth.

**Киришүү:** Азыркы доордо глобалдашуу жана миграциялык процесстер мигранттардын улуттук жана диний иденттүүлүгүнүн калыптанышына олуттуу таасирин тийгизүүдө. Жаңы өлкөгө көчүп барган жаштар башка маданий, социалдык жана диний чөйрөгө ыңгайлашууга туура келип, ага мажбур болушат. Бул процессте дин негизги ролдордун бирин аткарып, социалдык интеграцияга көмөктөшүп, "таандыктык" сезимин бекемдеп жана маданий салттарды сактоого шарт түзөт. Түркияга, айрыкча Стамбулга көчүп келген кыргыз жаштары окшош диний чөйрөгө туш болгону менен, диний салттар, социалдык нормалар жана маданий баалуулуктар боюнча айрым айырмачылыктарга дуушар болушат. Диний практикалар алардын жаңы чөйрөгө адаптация болуусуна жана ошол эле учурда улуттук иденттүүлүгүн сактоосуна кандайча таасир этет деген суроо али толук изилдене элек. Бул теманын терең изилдениши өзгөчө маанилүү, анткени Түркиядагы кыргыз мигранттарынын саны өсүүдө жана алар үчүн натыйжалуу адаптация жана интеграция стратегияларын иштеп чыгуу зарыл. Ошондой эле, мигранттардын диний иденттүүлүгүнө болгон кызыгуу академиялык чөйрөдө да жогорулап жатканын байкоого болот.. Изилдөөнүн жыйынтыктары миграциялык процесстерди илимий жактан анализдөөгө гана эмес, Түркиядагы кыргыз мигранттары менен иш алып барууда практикалык колдонмолорду түзүүгө да өбөлгө болот деген ишенимдебиз.

**Изилдөөнүн негизги суроосу, максаты жана изилдөө усулдары**

Изилдөө алдында, кыргыз жаштарына Стамбулдун жаңы маданий жана социалдык чөйрөсүнө адаптация болууга жана өзүнүн улуттук иденттүүлүгүн сактоого диний практикалар кандай жардам берет?- деген чоң суроону өзүбүзгө коюп, ошого жооп алууга умтулдук. Бул суроо кеңири изилдөөнү талап кылат жана социалдык адаптация, иденттүүлүк, ошондой эле диний жана социалдык тармактардын ролу сыяктуу аспектилерди камтыйт.

1. Диний практикалар дегенде биз, Стамбулдагы кыргыз жаштарынын карманган негизги диний практикаларын аныктоону көздөдүк. Бул практикалар күнүмдүк ибадаттардан (сыйынуу), диний майрамдарга жана иш-чараларга катышуудан тарта, жергиликтүү диний коомдорго аралашуусуна чейин камтып, аларды да эске алууга умтулдук.

2. Диний практикалар жаштарга Стамбулда жашоого кандай жардам берет? Бул суроо Стамбулда жашаган кыргыз жаштарынын жаңы чөйрөгө кирүү процессинде диний таанымдардын жана практикалардын кандай мааниге ээ экенин аныктоо үчүн изилденет. Дин, башкача айтканда, социалдык жана психологиялык колдоо берүүчү механизм катары кызмат өтөп, жаштардын жаңы чөйрөгө тезирээк жана ийгиликтүү көнүүсүнө жардам бериши мүмкүн деген пикир бар болчу.

3. Диний практикалардын кыргыз жаштарынын улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрүн сактоодо кандай ролду ойноп жатканын изилдөө. Бул аспект мекенден алыста жүргөндө да жаштардын өз маданиятын жана каада-салттарын сактап калуусунун негизги факторлорунун бири катары диний практикаларды карайт.

4. Мигранттардын адаптация болуу процессиндеги диний жана социалдык тармактардын маанисин изилдөөдө Стамбулдагы кыргыз жаштары үчүн жергиликтүү жана диний коомдордун бири-бири менен байланышта болуп, социалдык колдоо көрсөткөн тармактардын ролун терең түшүнүү да изилдөөнүн дагы бир маанилүү аспектисин түздү.

5. Кыргыз жаштарынын адаптация процессинде жана диний практикаларын аткарууда тушуккан негизги көйгөйлөрүн жана кыйынчылыктарын аныктоо. Мындай көйгөйлөргө социалдык изоляция, жумуш табуу кыйынчылыктары, тилдик тоскоолдуктар жана жаңы маданий чөйрөгө кирүүдө диний баалуулуктар менен карама-каршы келүү мүмкүнчүлүктөрү эсептелет. .

**Изилдөөнүн максаттарына жетүү үчүн колдонулган изилдөө ыкмалары:** Кыргыз жаштары жана жергиликтүү калк өкүлдөрү менен терең интервьюлар жүргүзүлүп, алардын диний практикаларга карата мамилеси жана адаптациялык процесстери тууралуу маалыматтар чогултулду. Анкета жүргүзүү жолу менен диний практикалардын жаштардын социалдык адаптациясына жана улуттук идентүүлүктү сактоого болгон таасири такталып, статистикалык маалыматтар алынып анализ жасалды. Стамбулдагы мечиттерде жана башка диний мекемелерде байкоо жүргүзүү аркылуу жаштардын диний чөйрөдөгү орду жана өз ара аракеттенүүсү изилденип, алардын социалдык ролдору такталды, ошондой эле изилдөөнүн теориялык негиздерин тереңдетүү жана эмпирикалык маалыматтарды толуктай алуу максатында тиешелүү адабияттар жана илимий изилдөөлөр каралып чыкты. **Респоденттерди тандоо:** Стамбулдагы бизге интервью берип, этнографиялык изилдөо объектилери болууга макулдугун берген кыргыз жаштарын үч категорияга бөлүп кароого болот. Биринчи топ: теология факультеттеринин студенттери жана бүтүрүүчүлөрү **(теологдор).** Бул жаштар ислам динин принциптери менен жашап, күн сайын беш убак намаз окуп, зикр (поминание Всевышнего, совершаемое как языком, так и сердцем) чалып, исламды практикалаган жаштардын катмары. Алар диний майрамдарга жана ырым-жырымдарга активдүү катышышат. Экинчи категория: **жөнөкөй эмгек мигранттары:** жалпы жонунан алып караганда, намазды дайым окушпайт, бирок айрым диний ырымдарды аткарышат.Мисалы, көзү өткөн жакындары үчүн Куран окушат. Айт майрамдарды майрамдашат. Үчүнчүсү **«Ван кыргыздарын»** өзүнчө топко бөлүп карадык. Анткени алар диндар келишип, беш убак намазды калтырбай окушат. Ислам принциптерине гана негизделген жашоо образын жашоого аракеттенишип, ибадаттарды толук аткарууга тырышып жашаган катмар экени интервью учурунда байкалды.

**Диний иденттүүлүк жана адаптация түшүнүктөрү:** Социалдык иденттүүлүк (англ. social identity, фр. identité sociale, нем. soziale Identität) — бул индивиддин өзүн социалдык топко (жынысына, жаш курагы, этностук, диний, кесиптик ж. б. боюнча) тандык деп сезүүсү жана ошол топко байланыштуу өзгөчөлүктөрүн таануу эсептелет (Российская социологическая энциклопедия, 1998) .Социалдык иденттүүлүк ичине диний иденттүүлүктү камтыйт. Диний иденттүүлүк, динге таандыктыкка негизделген өзүн-өзү аңдоо формасы, өз дининин маанисин түшүнүү, өзүн айрым үлгү менен идентификациялоо. Диний иденттүүлүк— индивиддин жалпы социалдык иденттүүлүгүнүн бир бөлүгү, ал белгилүү бир диний салтка, ишенимге жана практикаларга берилип, аларды аткаруу аркылуу калыптанат. Диний иденттүүлүк адамдын дүйнөнү кабыл алуусуна, баалуулуктарына, жашоо нормалары жана жүрүм-турум тууралуу түшүнүктөрүнө олуттуу таасирин тийгизет. Динчилдик түшүнүгүнөн айырмаланып, бул термин адамдын топтук сезимге караганда топтук баалуулуктар менен идентификациясын көбүрөөк сүрөттөйт. Диний иденттүүлүк, диний топтун же диний уюмдун мүчөлүгүнөн айырмаланат. Мисалы, кичине кезинде чиркөө суусуна жуунтулуп(крещение), же мусулманча азан айтып ат коюлуп, бирок бой жеткен кезде өзүн христиан дининин адепти же мусулманмын деп өзүн тааныбаган адам жогоруда аталган иденттүүлүккө ээ эмес деп саналат. Диний иденттүүлүк көбүнчө эки аспекттин биринде каралат: социологиялык, ал адамдын жүрүм-туруму жана коомдук сөздөрү менен байланыштуу (жамааттык практикага жана жалпы баалуулуктарга катышуу), экинчиси, адамдын өзү тарабынан көбүрөөк таанылган психологиялык абалын (белгилүү бир диндин ичиндеги өзүн-өзү аңдоо) аныктоосу. Бул аспектилердин дагы бир аталышы – жамааттык иденттүүлүк жана жеке диний иденттүүлүк. Диний иденттүүлүктү аныктоодо академиялык чөйрөдө көптөгөн талаш-тартыш маселелер бар экендигин эске алып, терминдерге

тереӊ сүӊгүбөстөн, экинчи аспектке маани берип, изилдөө учурунда кыргыз жаштарынын жеке диний иденттүүлүгүнүнө таянып изилдөөбүздү жүргүздүк.

**Адаптация**, өз кезегинде, индивиддин жаӊы жашоо шарттарына — социалдык, маданий жана экономикалык — ылайыкташуу процесси болуп эсептелет. Социалдык адаптация татаал жана көп деӊгээлдүү процесс. Ал адамдын жашоосунун ар кандай чөйрөлөрүндө ишке ашырылат. Процесс катары ал оор турмуштук кырдаалга туш болгон инсандын же социалдык топтун жаӊы, учурдагы социалдык чөйрөгө ыӊгайлашуусун билдирет. Социалдык адаптация процесси инсандын (социалдык топтун) мурдагы жүрүм-туруму анын ийгиликке жетүүгө көмөк көрсөтпөй тургандыгын жана жаӊы социалдык чөйрөнүн талаптарын эске алуу менен жүрүм-турум моделин өзгөртүү зарыл экендигин түшүнүүсүнөн башталат. Ал эми жүрүм-турум үлгүлөрүн өзгөртүү үчүн инсандын өзүнүн активдүү позициясы керек. Ушуну менен «адаптация»түшүнүгүн аныктоого болот. Социалдык адаптация-инсандын же социалдык топтун аны активдүү өздөштүрүү жолу менен жаӊы жашоо чөйрөсүнө ыӊгайлашуу процесси. Социалдык иште адамдын өнүгүүсүнө таасир этүүчү адаптациянын ар кандай түрлөрү эске алынат. Айрым окумуштуулар, анын ичинде бир катар окуу куралдарынын авторлору, адамдын адаптациясынын төрт негизги түрүн же деӊгээлин аныкташат, алар биологиялык;физиологиялык;психологиялык;социалдык.Миграция

контекстинде адаптация бир жагынан жаӊы тилди үйрөнүү, жумуш жана турак жай табуу сыяктуу тышкы өзгөрүүлөрдү камтыса, экинчи жагынан маданий жана диний туруктуулук жөнүндө ойлонуу сыяктуу ички өзгөрүүлөрдү да камтыйт. Дин мигранттардын социалдык өзгөчөлүгүн калыптандыруу жана колдоо үчүн негиз болуп кызмат кылат, айрыкча алар маданий жана тилдик тоскоолдуктарга дуушар болгон шарттарда (Силк, 2013, 65-б.).

**Мигранттардын жаӊы чөйрөгө адаптация болуусу боюнча теориялар:** Миграция – бул татаал жана көп кырдуу процесс.Ал экономика жана саясат маселелерине гана таасир тийгизбестен, маданий жана социалдык өзгөрүүлөргө да алып келет. Маданий, социалдык адаптация боюнча эӊ көп колдонулган моделдердин бири – Жон Берринин теориясы. Ал мигранттардын жаӊы коомго көнүү(аккультурация) стратегияларын төрт негизги түргө бөлүп карайт: ассимиляция, изоляция, бөлүнүү жана интеграция. Теманы тереӊирээк ачып берүү үчүн бул түшүнүктөргө токтоло кетели. **Ассимиляция** – бул стратегияда мигрант же маданий топ өзүнүн баштапкы маданий иденттүүлүгүн толугу менен четке кагып, кабыл алуучу коомдун маданиятына толук интеграциялануута умтулат. Бул процесс мигранттардын жаӊы маданий баалуулуктарды өздөштүрүүсүн жана мурунку маданий элементтерин акырындап жаӊы маданият менен алмаштыруусун шарттайт. Көптөгөн мамлекеттер мурда этностук азчылыктарга жана жаӊы келген мигранттарга карата ассимиляциялык саясат жүргүзүп келишкен. Жалпысынан алганда, ассимиляциялык саясат жана практика расалык мүнөзгө ээ болуп, субдоминанттык (басымдуу эмес) маданиятты басмырлоого же жок кылууга багытталган. Экинчи стратегия **сепаратизм (сегрегация)** – бул ар кайсы маданий топтордун өз алдынча жашоосу жана өнүгүүсү. Коом ичинде сегрегация эки тараптуу демилге менен ишке ашышы мүмкүн: бир жагынан, этностук азчылыкты четке кагууга умтулган доминанттык көпчүлүк тарабынан, экинчи жагынан, өз алдынчалыгын сактоону жана маданий мурасын коргоону каалаган азчылык тарабынан. Азчылык өзүнүн маданиятын, билим берүү системасын, этностук талаптарына ылайык жерге ээлик кылууну талап кылышы мүмкүн. Ошондой эле, улуттар аралык никелерге карата чектөөлөрдү киргизүү, атайын резервацияланган аймактарды түзүү жана башка маданий изоляция чаралары да сепаратизмдин көрүнүштөрүнө кирет. Бул маданий өзүнчө жашоо практикасын Маргарет Мид төмөндөгүчө сүрөттөгөн: «Киши бала кезинде өз маданиятын толук өздөштүрүп, башка маданияттар менен болгон байланышы үстүртөн, душмандык же курч карама-каршылыктар менен коштолгон болсо, анын маданий иденттүүлүгү дээрлик өзгөрүүсүз калышы мүмкүн. Айрым индивиддер башка маданияттын өкүлдөрүнүн арасында көп жылдар бою жашап, алар менен иштеп, тамактанып, кээде турмуш куруп, балдарын

тарбиялаганы менен өз маданий идентүүлүгүн сактап калууга умтулушат жана аны өзгөртүүгө аракет кылышпайт. Ал эми алардын айланасындагы коом да алардан мындай өзгөрүүнү талап кылбайт» (Mead, 1954). Кийинки стратегия **маргиналдаштыруу.** Маргиналдаштырууда мигрант тигил же бул маданиятты тааныбайт. Бул азчылыктын өз маданиятын сактап калуу үчүн так саясаты жана ресурстары жок кезде, алардын өз маданиятын өсүп келе жаткан муундарга жайылта турган эч ким жок болгондо жана көпчүлүктүн кайдыгерлиги менен болот. Натыйжада, маданият жоголуп, аны алып жүрүүчүлөр маргиналга айланат. Мындай процесс кабыл алуучу маданият үчүн да коркунучтуу, анткени маргиналдарда агрессивдүү, кыйратуучу тенденциялар кескин өсүп, алардын адамзаттын мурунку, маданияттуулукка чейинки баскычтарына «артка чегинүүсү» сезилип, аягында бүткүл коомдо кылмыштуулук өсүшүн шарттайт. Ал эми **интеграция** стратегиясы -эски жана жаңы маданият менен индивиддин өзүн идентификациялоосу, өзүнүн инсандыгын сактоо жана башка маданият менен тыгыз байланышта болуу, ошондой эле маданияттарды жаңы, жалпы негизде байытуу; өз маданиятынан тышкары жалпы маданий мейкиндикке өтүү процесси эсептелет. Диний фактордун контекстинде Берри мигранттардын өздүк иденттүүлүгүн сактоо менен жаңы коомго интеграцияланышында диний практикалар маанилүү ресурс боло аларын белгилейт. Анын пикиринде, «Дин психологиялык колдоонун булагы гана болбостон, кабыл алуучу коомго интеграциялашуунун да жолу болуп саналат. Ал аркылуу мигранттар өздөрүнүн улуттук жана маданий жамааттары менен байланыштарын сактап кала алышат» (Berry, 1997, p. 10). **Экинчи бир теория, бул социалдык капитал түшүнүгү**. Аны алгач француз социологу Пьер Бурдьё өзүнүн «Капитал формалары» (1983) эмгегинде колдонгон. Социалдык капитал – бул жеке адам же топ ээлик кылган коомдук байланыштар жана алардан келип чыгуучу ресурстар жыйындысы. Бул концепция социологияда, экономикада жана саясатта кеңири колдонулат жана коомдук байланыштардын адамдардын мүмкүнчүлүктөрүнө кандайча таасир этерин түшүндүрөт. Бурдье капиталды үч негизги түргө бөлгөн: **экономикалык капитал** – финансылык ресурстар жана материалдык байлыктар; **маданий (культурный) капитал** – билим, квалификация жана маданий компетенциялар; **социалдык капитал** – жеке адам же топтун коомдук байланыштары аркылуу топтогон ресурстары. Бурдьё боюнча, социалдык капитал – бул белгилүү бир топко мүчө болуу менен жаралган байланыштардын жыйындысы, ал белгилүү шарттарда башка капитал түрлөрүнө (мисалы, экономикалык капиталга) айланышы мүмкүн жана белгилүү бир социалдык мамилелер аркылуу институционалдаштырылып, адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Коомдук байланыштар ишенимди жаратат, ал эми ишеним кызматташтыкты күчөтөт. Социалдык капитал аркылуу адамдар билим, жумуш же финансылык жардам ала алышат. Социалдык байланыштар аркылуу маалымат жана башка ресурстар бөлүштүрүлөт. Жыйынтыктап айтканда, социалдык капитал – бул адамдардын коомдук байланыштары аркылуу топтогон ресурстарынын жыйындысы. Ал ишенимге, өз ара жардамдашууга жана коомдук тармактарга негизделген. Социалдык капитал коомдун өнүгүүсүнө чоң таасир этет жана билим берүү, экономика, саясат сыяктуу ар кандай тармактарда маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан, аны өнүктүрүү жана натыйжалуу пайдалануу жеке адамдар үчүн гана эмес, бүтүндөй коом үчүн да пайдалуу болуп саналат. **Роберт Патнэм (Putnam, 2000) социалдык капитал жана коомдук байланыштар** жөнүндө изилдөөлөрүндө диний институттардын адамдарды интеграциялоодогу маанилүү ролун баса белгилеген. Анын «Bowling Alone: The Collapse and Revival of American Community» (2000) деген эмгегинде ал коомдук байланыштар (social capital) эки түргө бөлүнөрүн айткан: Bonding Social Capital – бирдей баалуулуктарга ээ болгон адамдардын ичиндеги байланыштар (мисалы, диний же этникалык топтордун ичиндеги байланыштар). Ал эми экнчиси, Bridging Social Capital – ар түрдүү топтордун ортосундагы байланыштарды түзүү (мисалы, ар түрдүү улуттардан же диний ишенимдерден турган адамдардын коомдук интеграциясы). Диний институттар «bonding social capital» түзүүдө чоң роль ойнойт, анткени алар мигранттар-

га тааныш чөйрөнү сактап калууга, бири-бирине моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүүгө жардам берет. Мигранттар үчүн диний жамааттар жаңы коомго интеграцияланышын жеңилдетип, алардын социалдык изоляциядан чыгышына өбөлгө түзөт. Бирок, ошол эле учурда, Патнэм мигранттардын диний жамааттарга гана таянуусу аларды өзгөчө изоляцияга түшүрүп, коомдун калган бөлүгү менен байланыш түзүүсүн чектеши мүмкүн экенин да эскерткен. Башкача айтканда, диний коомчулуктар социалдык колдоо берүү менен бирге, мигранттардын жаңы маданият менен аралашуусун кечеңдетип же чектеп коюшу да мүмкүн.

**Мигранттарды интеграциялоо саясаты:** Миграция саясаты — бул мигранттарды коомго интеграциялоо жана алардын социалдык, экономикалык, маданий жана саясий турмушка толук катышуусун камсыздоо үчүн иштелип чыккан чаралардын комплекси. Интеграция, өз кезегинде, бул процесс боюнча мигранттардын жаңы чөйрөгө ыңгайлашуусу жана кабыл алуучу коомдун мигранттардын ийгиликтүү адаптацияланышына шарт түзүү иши болуп саналат. Бул саясатты ишке ашыруу процесси мамлекеттик башкаруунун жогорку деңгээлинде колдоо жана анын аткарылышына тыкыр көзөмөлдү талап кылат. Миграциялык саясаттын максаттарына жетүүдө негизги тоскоолдуктарды аныктоо жана аларды жоюу жолдорун талдоо маанилүү. Глобалдашуу жана миграциялык агымдардын өсүшү дүйнөлүк деңгээлде мамлекеттердин социалдык саясатын жана чет өлкөлүк мигранттарды кабыл алуу саясатын кайра карап чыгууга түрткү болду.. Натыйжалуу миграция саясаты коомдун биримдигин камсыз кылып, улуттар аралык кризистик кырдаалды азайтып, өлкөлөрдүн экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет. Мигранттардын мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги саясатынын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат: мигранттардын билим алуу, жумушка орношуу жана кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүндөгү тең укуктарды сактоо. Маданий ар түрдүүлүктү сактоо саясаты жалпы коомду, анын ичинде мигранттарды да, алардын тилин, маданиятын жана өзгөчөлүктөрүн сактоого багытталууга тийиш. Коомдук макулдук жана толеранттуулук саясатта басмырлоону жоюуу жана мультикультурализмди өнүктүрүүгө багытталган чаралар каралышы керек. Экономикалык жана социалдык адаптацияны жеңилдетүү үчүн окутуу, кесиптик даярдоо жана жумушка орноштуруу боюнча чараларды ишке ашыруу зарыл. Мигранттардын укуктарын коргоо, мыйзамдык негиздерди түзүү, кызматкердин укуктарын жана кызмат орундарын аныктоо да маанилүү маселелерден экени талашсыз.. Билим берүү жана тил саясаты, мигранттарга жана алардын балдарына өлкөнүн мамлекеттик тилин үйрөтүү жана мыйзамдарын тааныттуу программалары аркылуу ишке ашырылышы керек. Экономикалык интеграция мигранттар үчүн жумуш шарттарын жакшыртуу, ишкердик демилгелерди колдоо жана эмгек рыногундагы чектөөлөрдү жоюу аркылуу ишке ашырылат. Социалдык, маданий жана адаптациялык чаралар маданий иш-чараларды өткөрүү, коомдук диалогду өнүктүрүү жана коомдук катышуучулар менен өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүүгө багытталат. Миграция саясатынын негизги көйгөйлөрү катары ксенофобия жана дискриминация, тил жана маданий тоскоолдуктар, экономикалык чектөөлөр ж.б. эсептелет. Айрым өлкөлөрдө жергиликтүү калк мигранттарды кабыл алууга даяр болбой, алардын ийгиликтүү интеграцияланышына тоскоолдук кылышы мүмкүн. Тил жана маданий тоскоолдуктар мигранттарды кабыл алуу процесстерин кыйындатышы, ошондой эле алардын коомго толук интеграцияланышына бөгөт коюшу ыктымал. Экономикалык чектөөлөр мигранттардын жумушка орношуу жана ишкердик жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасир этет. Жыйынтыктап айтканда, миграция саясаты – бул мамлекеттик башкаруунун жана коомдун ар тараптуу катышуусун талап кылган татаал процесс. Интеграциялык саясаттын ийгилиги укуктардын теңдигине, маданий көп түрдүүлүктү сактоого, экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө жана эл аралык келишимдерди бекитүүгө негизделет. Ошондуктан мамлекеттер мигранттарды кабыл алуу жана аларды ийгиликтүү адаптациялоо үчүн стратегикалык чараларды иштеп чыгып, аткарууга тийиш. Бул өз кезегинде коомдогу биримдикти бекемдөөгө жана экономикалык өсүшкө түрткү берет.

Тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын Стамбул шаарындагы Генералдык консулдугунун курамы төрт гана адамдан туруп, алар: башкы консул, эки консул жана вице-консул. Чектелген финансылык мүмкүнчүлүктөр жана кызматкерлердин аздыгынан улам, консулдук Стамбулдагы кыргыз жаштарына эч кандай колдоо көрсөтө албайт. Эл аралык маданий иш-чаралар учурунда Кыргызстандын аты аталбай калып, өлкө татыктуу деңгээлде таанытылбай тургатынын жаштар белгилешти. Алар ар кандай маданий иш-чараларга өз күчтөрү жана ресурстары менен катышып, башка улут өкүлдөрүнөн артта калбоо үчүн аракет кылып жатышканын билдиришти.

**Таксимдеги мечиттер: диний практикалардын жана туристтик агымдардын кайчылашуусу**. Биздин этнографиялык изилдөөгө катышуучу топ Стамбулдун Европа бөлүгүндө жайгашкан Таксим районундагы отелдердин бирине жайгаштык. Конок үйүбүз анчалык чоң эмес, бирок таза, тыкан жана жакшы шарттарга ээ болгон жай болуп чыкты Таксим районун көптөгөн туристтер «Стамбулдун жүрөгү» деп аташат, анткени бул жерде мыкты конок үйлөр, клубдар, ресторандар жайгашкан. Бул жер туристтик маршруттардын кесилишкен жеринде жайгашып, жаштардын жыйналып, жакшы убакыт өткөргөн жайы катары таанымал, абдан жандуу жана кызыктуу аймак экен. Бул жерден заманбап, азыркы жана тарыхый Стамбулдун чектеринин биригиши көрүнүп турат.Этнографиялык байкоо дин багытында болгондуктан, ишти Таксим районунда жайгашкан, биздин жатаканага алыс эмес жердеги мечиттерге баам салуу менен баштоону чечип, алгачкы күнү Нуросмание мечитинде бир топ саатты өткөрдүк. Биздин баамыбызда, Нуросмание мечети диний практикалардын катуу сакталышынын үлгүсүн көрсөтчүүдөй. Мечитте эркектер жана аялдар үчүн өзүнчө бөлүнгөн аймактардын бар болушу, ошондой эле видеокамералар жана коопсуздук кызматкерлеринин болушу, диний тартипти сактоо жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу максатында жасалган чаралар көңүлдү өзүнө бурду. Аялдар үчүн атайын бөлүнгөн аймак, анда диний адабияттар жана диний билим берүү материалдары жайгаштырылган, бул ишаараттар аялдардын диний жашоосундагы активдүүлүгүн жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп турат. Биздин көңүлдү мечиттин эшигинин алдында илинген атайын кийимдер бурду. Ал ауратты (мусулмандар башка адамдардын алдында жаап турган дене бөлүгү) жабуучу кийимдер.мечитке кирүүгө ылайыкталбаган кийим менен келген туристтерге сунушталат экен. Албетте, бекер эмес. Бизде ал кийимге муктаждык жок болгон үчүн да, кызыгып, баасын сурабадык. Мечиттин ичинен агылып кирип, чыгып, архитектуралык өзгөчөлүгүнө таң кала карашкан туристтерден башка, бирин-серин, саналуу гана адамдын намаз окуп жатканын байкоого болот эле. Нуросмание көчөсүндө жайгашкан Нуросмание мечити чоңдугу, кооздугу, туристтердин көптүгү менен эске калчуудай. Бул мечиттин курулушу 1748-1949-жылдары башталып, 1955-жылы аягына чыгыптыр. Таксим району Стамбулдун эң көп туристтерди кабыл алчу району болгондуктан, ал традициялык диний орбита менен заманбап туристтик агымдын кагылышуусунун айкалышынын көрүнүктүү мисалы болуп саналат. Таксим районунудагы байкоо жүргүзүүнү улантуу үчүн тандаган кийинки мечит, бул Таксим мечити болду. Мечитке кирүүдө туристтердин башкы эрежелерди бузушу, мисалы, бут кийим менен кирүү, аларды коопсуздук кызматкерлеринин эскертүүлөрү менен түзөтүүгө аракет кылышы, жергиликтүү калк менен туристтердин арасында маданий айырмачылыктарды көрсөтөт. Мечитте көбүнчө түрк тилинде баарлашуу жүргүзүүсү, тейлөөчү персоналдардын түрк тилден башка тилде сүйлөбөөсү, диний практикаларды жана ислам маданиятын туура түшүнүү мүмкүнчүлүгүн чектей тургандыгын байкадык. Таксим мечити Нуросмание мечитиндегидей архитектуралык түзүлүшкө ээ болгону менен, ички жасалга, жана интерьердин өң-түсүндөгү айырмачылыктары бар экени көзгө урунду. Биз барган кезде мечиттин ичинде Нуросмание мечитине салыштырмалуу туристтердин саны азыраак эле. Биринчи кабатта бир эркек киши намаз окуп отурганын байкасак, экинчи кабатка көтөрүлгөндө, ал жакта эки-үч гана хиджаб кийген аял кишини көрдүк. Бирөөсү намаз окуп жатса, калганы куран китептерди окуу менен алек болчу. Мечиттин сыртында кытай улутундагы ту-

ристтер мечитти сүрөткө тартып жүрүшсө, ичине испан тилинде сүйлөгөн туристтер гид менен кошо агылып киришти. Туристтер батыш, чыгыш, түндүк, түштүк, айтор дүйнөнүн чар тарабынан келишкенин байкоого болот эле. Таксим аянтында жайгашкан бул мечиттин курулушу 2017-жылы башталып, 2021-жылы ачылуу аземи болуп өтүптүр. Султан Ахмед мечети, же "көк мечит". Бул мечитте башка мечиттерден айырмаланып, туристтердин саны аябагандай көп болгондуктан, мечиттин ичинде түртүшүп калып жаттык. Мечит Осмон империясынын башкаруу дооруна, XVII кылымга таандык мечит экен. Стамбулдагы башка мечиттер сыяктуу бул мечиттин курулушуна да мрамор колдонулганын байкоого болот. Борбордук залдын үстүнөн 43 метр бийиктикке жеткен купол көтөрүлүп турат. Ал куполго орнотулган асмашам көз ченем менен караганда 41 метрдей сезилди, анткени адам боюнан бир аз эле жогору көтөрүлүп илинип турганын байкоого болот эле Ал куран аяттары жана Мухаммед пайгамбардын сөздөрү жазылган жазуулар менен коোздолгон. Куполду төрт түркүк кармап турат. Полго килемдер төшөлгөн. Биз үчүн мечиттин архитектуралык өзгөчөлүгү эмес, ал мечитте жүргөн адамдар, адамдардын өз ара карым-катнашы, жүрүм-туруму маанилүү болгондуктан, көңүлдү ошол тарапка кобүрөөк бурууга аракет кылдык. Бул мечит коомдук жана социалдык өзгөрүүлөрдүн изин тарткан диний жай катары сезилди.. Түрк жамаатынын жаш мууну арасында мечиттерге болгон кызыгуу төмөндөп, жаштар көбүнчө үйдө же жумушта намаз окууну артык көрүшкөндөй. Анткени, бир канча күн мечиттерди кыдырып жүрүп, түрк жаштарын анда-санда гана кезиктирип жаттык. Бул көрүнүштү глобалдашуу жана секуляризация процессинин натыйжасы катары кароого болот. Мечиттин ичинде атайын «маалыматтык бурч» уюштурулуп, туристтерге жана жаштарга ислам тууралуу суроолорго жооп берүүчү теологиялык факультеттин студенттери иштеп, диний билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылып жатканын байкадык. Ал студенттерден ислам дининин негиздери боюнча каалаганча сурап, маалымат алууга болот. Маалымат менен кошо каалаган киши келип, «ислам негиздери» тууралуу китептерди каалаган тилинде бекер алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ экен. Жогоруда аталган мечиттерге кирүү акысыз, бирок ар бир мечитте садака үчүн «бокстор» турганын байкоого болот. Бул мечиттерден сырткары башка мечиттерге да кирип таанышууга үлгүрдүк, бирок, түрк жаштарынынын диний ритуалдарды жасап жатканын чанда гана кезиктирдик. Биз кыргыз жаштарын таптакыр көрө алган жокпуз, себеби биз кыдырып жүргөн район борбордук район болуп эсептелинет жана башка райондорго салыштырмалуу баа саясаты да жогору экенин байкоого болот эле.Туристтердин агымын көрүп, түрк сериалдарынын туризмдин өнүгүүсүнө кошуп жаткан салымы тууралуу ойго келдик. Түркия бүгүнкү күндө сериал экспорттоо боюнча дүйнөдө АКШдан кийин, экинчи орунду ээлейт. Жыл сайын 400 миллиондон ашуун көрүүчү түрк өндүрүшүндөгү теледрамаларды корүшөөрүн маалымат булактардан алууга болот. Сериалдар өлкөнүн эл аралык аренадагы оң имиджин калыптандырууда жана экономика менен туризмди өнүктүрүүдө олуттуу роль ойнойт. Түркиянын сериалдары дүйнөлүк маданий мейкиндикте маанилүү феноменге айланып, өлкөнүн «жумшак күч» стратегиясынын натыйжалуу инструменттеринин бири болуп калганын туристтердин агымынан байкоого болот. Тарыхый сериалдар аркылуу Түркия Осмон мурастарын жандандырып, тарыхый жана маданий жактан жакын элдер арасында лоялдуулукту арттыруусун колго алганы сезилет. Жыйынтыктап айтканда, Нур-Османие, Таксим жана Султан Ахмед мечеттеринде жүргүзүлгөн байкоолор ислам дүйнөсүндө жана жалпы коомдо жүрүп жаткан маданий жана диний трансформацияларды көрсөтүп турат. Мечиттер диний ибадатканалар гана болуп калбай, ошондой эле ар түрдүү маданий идентүүлүктөрдүн кездешкен жерлерине айланууда.

**Кыргызстан менен Түркиядагы диний абал: салыштырма анализ** Кыргызстанда постсоветтик мейкиндикте диндин кайра жандануусу күч алып, өзгөчө жаштар арасында байкалууда. Муфтият формалдуу түрдө көз карандысыз болгону менен, иш жүзүндө ар кандай күчтөрдүн таасирине дуушар болууда. Диний эркиндик негизинен камсыздалган, бирок башкаруу механизмдеринин алсыздыгынан улам көйгөйлөр жа-

ралууда. Ал эми Түркияда дин мамлекеттин көзөмөлүндө болуп, «Диянет» башкармалыгы аркылуу жөнгө салынат. Муфтий президент тарабынан дайындалат. Бул жагдай мамлекеттин динди катуу көзөмөлдөшүнө шарт түзөт. Кыргызстан менен Түркиянын окшоштугу – экөө тең «Матуридий» ишенимин жана «Ханафий» мазхабынын тартиптерин тутунуп жашайт. Кыргызстанда дин эркин өнүксө, Түркияда мамлекет тарабынан көзөмөлдөнөт. Кыргызстандагы диний абал ар түрдүүлүгү жана эркиндиги менен айырмаланат. Түркиянын модели диний стабилдүүлүктү жана көзөмөлдү камсыз кылат, бирок диний эркиндиктерди чектейт. Биздин Стамбулдагы мекендешибиз, теолог И. Азимовдун пикиринде ислам дини кыргыз элинин жашоосунда терең орунду ээлеп, анын руханий жана социалдык келечегин түзүүнүн негизги факторлорунун бири болуп саналат. Ислам — бул руханий баалуулуктарды сактоо жана адамзатка туура жолду көрсөтүүчү принцип, ал эми анын тарыхый жана маданий мүнөздөмөсү жергиликтүү коомдун салттары жана баалуулуктары менен өз ара байланышта болуп, аны өзгөчө шарттарда колдонуу зарыл. Исламдын негиздерин кабыл алуу жана жашоого киргизүү процесси жергиликтүү шарттарга жана тарыхый контекстке жараша өзгөрүп турушу мүмкүн. Бул көз караш, исламдын акыл менен түшүнүлүп, коомдук жана жеке жашоонун өзгөрүшүнө ылайыктап колдонулушу керектигин баса белгилейт. Азимов өз сөзүндө ар кандай адамдардын динге карата мамилеси ар башка экендигин баса белгилейт. Кимдир бирөө бардык көрсөтмөлөрдү аткарат, кимдир бирөө аткарбайт, бирок ошол эле учурда жакшы жана боорукер адам болушу мүмкүн. Ал диний каада-салттарды сактабагандыгы үчүн башкаларды айыптагандарды сынга алып, андай көрүнүштөрдү туура эмес жана адилетсиз деп эсептейт. Дин маданият жана каада-салттар менен тыгыз байланышта экендигин жана көбүнчө биринчини экинчисинен ажыратуу кыйын экендигине да токтоло кетти.. Респонденттин пикиринде улуттук жана диний иденттүүлүк бири-бирине карама-каршы келбейт жана алар бирге жашай алат, ислам дини кыргыз маданиятына, тилине жана каада-салттарына чоң таасир тийгизген,- деген пикирин билдирип, радикалдуу идеялардын жайылышына жол бербөө үчүн мамлекет диний билим берүүдө маанилүү роль ойношу керектиги тууралуу да айта кетти.. Муфтияттын жана башка диний уюмдардын дайыма эле коомдун кызыкчылыгы үчүн иштей бербей тургандыгын, анын ишмердүүлүгүн сынга алды. Жергиликтүү калк менен баарлашып, аларга жаштардын динге болгон көз карашы тууралуу суроо узатканыбызда, көпчүлүгү жаштардын динден бара-бара алыстап бараткандыгын белгилешти. Индиялык мусулман турист менен болгон маегибизде, ал өзүнүн тынчсызданусун билдирип, Стамбулда мечиттер көп болгону менен, алар музейлердин ордун басып, эл, өзгөчө жаштар динден алыстап бараткандыгын байкаганын айтып, алардын ачык кийинүүсүн сынга алып, дене адамга аны таза сактоо үчүн берилгендигин баса белгиледи.

**Социалдык адаптация контекстинде миграция жана диний иденттүүлүк** (Инаятулла Азимовдун кесиптик жана жеке тажрыйбасы). Биздин негизги респондент – теология боюнча билим алган, Түркиядагы İstanbul Aydın Üniversitesi деп аталган жогорку окуу жайдын арап тили бөлүмүнүн башчысы, Инаятулла Азимов. Анын кесиптик билими жана миграциядагы жеке тажрыйбасы изилдөөнүн башка катышуучулары менен байланыш түзүүгө гана эмес, мигранттардын социалдык жана диний аспектилерин терең түшүнүүгө, ошондой эле Түркиядагы жана Кыргызстандагы диний абалды салыштырып анализдөөгө өбөлгө түздү. Миграциянын динамикалуу процессин жана социалдык-маданий адаптацияга байланыштуу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, Инаятулла Азимовдун тажрыйбасы диний иденттүүлүк жана миграция процесстеринин ортосундагы байланыштарды түшүнүүгө болгон баалуу булак болуп саналат. 2014-жылы Түркияга келген Азимов бул өлкөдө 20 жылдан ашык убакыт жашап, социалдык өзгөрүүлөрдүн күбөсү жана катышуучусу болду. Ошол эле учурда өзүнүн маданий жана диний иденттүүлүгүнүн маанилүү элементтерин жоготпой сактап кала алган. Анын миграциядагы жеке тажрыйбасы жаңы социалдык чөйрөгө интеграция болуусунун жана адаптациянын уникалдуу мисалын түзөт. Мында дин жана маданий практика

социалдык мобилизация процессинде жана иденттүүлүктү түзүүдө маанилүү роль ойнойт. Азимовдун Түркиядагы адаптациясы кыргыздар менен түрктөрдүн маданий жана тилдик элементтеринин окшоштугу аркылуу кыйла жеңилдеген. Бул окшоштук социалдык кабыл алууда жана интеграцияда негизги роль ойноп, маданий тоскоолдуктарды азайткан, бирок шаардык жашоонун жана капиталисттик түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу кыйынчылыктар да болгонун белгилейт. .Инаятулла Азимов үчүн Түркияга эмиграция экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарга карабастан, жашоо шартын жакшыртууга байланышкан жөн гана эмиграциялык кадам болгон эмес. Азимовдун Түркияга көчүүсүнүн негизги себеби – диний практика жана теология менен байланышкан жумуш издөө, башкача айтканда, профессионалдык жана карьералык максаттар болгонун баса белгилейт. Азимовдун бул максаттуу эмиграция концепциясы мигранттын мотивациясын материалдык жыргалчылыкка умтулуу же социалдык-саясий кыйынчылыктардан кутулуу парадигмасы менен чектөөгө каршы турат. Мындай индивидуалдык ыкма миграциянын экономикалык же детерминисттик факторлор менен гана шартталгандыгы жөнүндөгү стереотиптерди четке кагып, анын көп пландуу социалдык феномен экендигин ачып берет. Бул контекстте адаптация маданий интеграциянын чегинен чыгып, жаңы чөйрөдө профессионалдык таанылууну жана социалдык ролду колдоону да камтыйт. Бул өз кезегинде социалдык байланыштардын кеңейишине жана маданий иденттүүлүктүн бекемделишине өбөлгө түзөт. Инаятулла Азимовдун Түркиядагы адаптациясынын негизги аспектиси – диний эркиндик жана исламды ыңгайлуу жана толеранттуу атмосферада практикалоо мүмкүнчүлүгү. Башка өлкөлөрдөн айырмаланып, дин саясий манипуляциялардын же радикалдашуунун объектиси болуп калышы мүмкүн болгон Түркия туруктуу диний практика үчүн шарттарды түзөт. Ал ыңгайлуулукту сактап, социалдык чыр-чатактардын күчөшүнө алып келбейт. Теолог катары Азимов түрк коому, секулярдуу болгонуна карабастан, жогорку деңгээлдеги толеранттуулукту жана диний сабырдуулукту көрсөтүп, исламдын ар кандай агымдарын, анын ичинде мигранттардын диний практикасын практикалоо үчүн мейкиндик түзөрүн баса белгилейт. Ал бир катар постсоветтик өлкөлөргө, анын ичинде Кыргызстанга да караганда коомдук айыптоого Түркияда азыраак дуушар болгонун айтат. Миграция шарттарында диний практика руханий практика гана эмес, глобалдашкан дүйнөдө маданий жана этникалык иденттүүлүктү сактоо куралы болуп калат. Түркия Республикасында диний эркиндиктин социалдык интеграциялык формасы катары көрүнүшү мигранттардын өздөрүнүн маданий-диний каада-салттарын колдоо, сактоо жана жайылтуу тенденциясында актуалдуу. Атап айтканда, айт майрамдарын белгилөө процесси үч күнгө созулуп, биринчи күнү улуттук азык-түлүктөрдү даярдоо жана үй-бүлөлүк традицияларды сактоо менен коштолсо, кийинки эки күндө мекендештердин үй-бүлөлүк жана коомдук байланыштарын чыңдоо максатында өз ара зыяраттар ишке ашырылат. Бул практикалар мигранттардын жаңы социо-маданий чөйрөдө өздөрүнүн иденттүүлүгүн жана байланыштарын сактоого, ошондой эле муундан муунга өткөрүп берүүгө багытталган. Улуттук иденттүүлүктү сактоо жана мекендештер менен байланышты колдоо үчүн маданий иш-чаралардын маанилүүлүгүн да баса белгилейт. Ал жергиликтүү калк менен өз ара аракеттенүү, маданий жана диний иш-чараларга катышуу тажрыйбасы жөнүндө айтып, социалдык интеграция Стамбулдагы жашоого ийгиликтүү адаптациялоого өбөлгө түзгөнүн белгилеген.

**Кыргыз жаштарынын диний практика аркылуу адаптациясы жана инсандык иденттүүлүгү (анализ).**

Илимий изилдөөгө катышкан респонденттердин биринчи тобу **(17 теолог)** үчүн дин жашоосунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Алар өздөрүн мусулман деп эсептешет жана ислам дининин принциптерин жашоосунда колдонууга, намаз окуу, зикр чалуу, жума намаздарын аткаруу үчүн мечиттерге баруу, орозо кармоо жана диний майрамдарды белгилөө сыяктуу негизги диний практикаларды аткарууга аракет кылышат. Ошондой эле, тынчтык, адилеттүүлүк, боорукердик жана башкаларга жардам берүү сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды

жогору баалашат. Жаңы шарттарга, өзгөчө Түркияга көнүү процессинде көпчүлүк мигранттар үчүн тилдик жана маданий окшоштуктар, ошондой эле диний ишенимдин колдоосу маанилүү факторлор болуп саналат. Тилдик жана маданий жакындык жаңы чөйрөдө өзүн коопсуз жана тааныш сезүүгө жардам берет. Мындан тышкары, диний ишеним адамдарга руханий колдоо көрсөтүп, жалгыздык сезимин жеңүүгө көмөктөшөт. Кудайдын колдоосу астында экендигин сезүү, өзүн ишенимдүү жана корголгон сезүүгө алып келет. Бул факторлор жаңы шарттарга ийгиликтүү адаптациялашууга жана психологиялык комфортту сактоого оң таасирин тийгизет. Изилдөөгө катышкан теология жаатында билим алган жана учурда билим алып жаткан студенттердин көпчүлүгү, атап айтканда Өскөнбай, Нургазы, Абдулла, Расул, Абдураим, Нооманжан, Медер, Ильяс Түркиянын **«Диянет вакфы»** деп аталган диний фондунун стипендиясын алып, ошол уюмдун көмөгү астында Стамбулда жогорку билим алышканын белгилеп, диний уюмдардын алардын жашоосундагы ролун жогору баалашкан. Бирок, андан сырткары башка диний фонддор менен байланышы жоктугун, ал эми аталган фонддон стипендия гана алышаарын белгилей кетишкен. Бул топтогу жаштардын дээрлик баары өздөрү окуган окуу жайдын мугалимдеринин колдоосун сезгенин жашырган жок. Андан сырткары, алар Стамбулдагы кыргыздардын маданий иш-чараларына катышып тураарын, ошол байланыштар аркылуу улуттук иденттүүлүгү дагы да чыңалаарын айтышат, андан сырткары маданий иш-чараларга катышуу, коомдук активдүүлүгүн өнүктүрүүгө да өбөлгө түзгөнүн белгилешти.

Алар диний иденттүүлүк менен улуттук иденттүүлүктү карама-каршы койбоо керектигин баса белгилешет. Диний практикалар кыргыз жаштарынын чет өлкөдө адаптация болуу процесси үчүн маанилүү ролду ойнойт. Жума намаздарына жана диний майрамдарга катышуу(айрыкча Курман айт менен Ороз айтты майрамдоо) алардын жергиликтүү мусулмандар менен байланыш түзүүсүнө жана социалдык тармактарын кеңейтүүсүнө жардам берет. Бул топ диний практикаларды аткарууда Стамбулда эч кандай дискриминацияга дуушар болбогондугун, кээ бирлери, И. Азимов, Эрлан, Өскөн сыяктуу жаштар тескерисинче, Кыргызстанда түшүнбөстүктөргө дуушар болушаарын айтышкан. **Изилдөөгө катышкан экинчи топ, студенттер жана эмгек мигранттары.** Бул топтогу жаштардын баары өздөрүн кыргыз деп эсептешет жана улуттук маданиятын сактоого аракет кылышат. Урал, Аэлин жана Ренат маданий иш-чаралар аркылуу кыргыз жаштары менен таанышып, бул байланыш алардын «таандыктык» сезимин күчөтүп, жаңы чөйрөгө көнүүгө жардам бергенин белгилешкен. Алар “Stambul kg.”, “Кыргыз биримдиги” аттуу коомдорго мүчө экенин айтышкан. Биринчи топ, б.а. теология факультетинин студенттеринен айырмаланып, Назира, Аэлин жана Ренаттын жаңы чөйрөгө адаптация болуу процесси оор жана психологиялык кыйынчылыктар менен коштолгон. Нүргүл үчүн тил маселеси адаптация процессинде кыйынчылык жараткан. Назира көзү өткөн адамдарына гана Куран багыштаарын айтса, калган төртөө беш убак намаз окуп, динге катуу берилбегени менен жума намазына барып, зикр чалып, кээ бир диний практикаларды аткарышат. Бирок, алар диний фонддор, уюмдар менен байланышы жок экенин билдиришкен. Вандык кыргыздар – Түркиянын Ван аймагында жашаган этностук кыргыз жамааты, алардын маданий жана диний турмушу өзгөчө илимий кызыгуу жаратат. Алар ислам динин жашоосунун ажырагыс бөлүгү катары кабыл алышат. Беш маал намаз окуп, исламдын негизги парздарын так аткарышат. Диний билим берүү жамаатта маанилүү орунга ээ болуп, социалдык мамилелер ислам нормаларына ылайык жүргүзүлөт. Алар үчүн кыргыздык иденттүүлүк ислам менен ажырагыс байланышта. «Кыргыз болуу – бул мусулман болуу» деген түшүнүк алардын маданий жана социалдык жашоосунда бекем орун алган. Мунун негизинде, Вандык кыргыздар динди сактоо аркылуу өз этностук өзгөчөлүгүн да коргоп жатышат. Бул жамааттын диний берилгендиги жана улуттук иденттүүлүккө болгон көз карашы аларды башка кыргыз диаспораларынан айырмалап, изилдөөнүн кызыктуулугун арттырат.

**Теориялык негиз:** Изилдөө кыргыз жаштарынын диний практика аркылуу адаптациясын түшүндүрүү үчүн бир нече жогоруда аталган теориялык моделдерге таянат:

Джон Берринин **маданий адаптация теориясы** Стамбулда жашаган кыргыз мигранттарынын адаптация процессин изилдөө үчүн ылайыктуу теория болуп саналат. Анткени, бул теория эки негизги аспектини карайт: интеграция жана өзүнүн маданий идентидүүлүгүн сактоо. Кыргызстандан келген мигранттар жаңы социалдык жана маданий шарттарга көнүү зарылдыгына туш болушат. Бул процессте диний практикалар маанилүү роль ойнойт. Намаз окуу жана орозо кармоо, диний майрамдарды майрамдоо сыяктуу практикалар жаштарга өз маданияты жана дини менен байланышын колдоого жардам берип, жаңы маданий чөйрөдө адаптацияны жеңилдетет. Ошондой эле, алар маданий адаптация концепциясына ылайык, улуттук идентидүүлүктү сактоого көмөктөшөт. **Социалдык идентидүүлүк теориясы-** диний практикалар кыргыз жаштарына өз идентидүүлүгүн колдоого кандайча жардам берерин жакшы түшүндүрөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, дин мигранттардын улуттук идентидүүлүгүн сактоонун жана чыңдоонун маанилүү куралы болуп кызмат кылат. Бул процессте Рамазан жана Курбан Айтты майрамдоо сыяктуу жалпы диний окуялар маанилүү роль ойнойт. Алар жалпылык сезимин жана бирдей маданий контекстке таандыктыкты колдоого жардам берет (Kırmızı, 2018). Бул иш-чараларга катышуу социалдык интеграцияга да көмөктөшүп, жергиликтүү мусулман коомчулугу менен да, Стамбулдагы кыргыз диаспорасынын ичинде да байланыштарды чыңдайт. **Социалдык капитал теориясы** диндин жаңы чөйрөдө социалдык байланыштарды чыңдоого жана мигранттарды колдоого кандайча жардам берерин түшүндүрөт. Стамбулда диний жамааттар, б.а. "Диянет вакфы" сыяктуу фонддор, кыргыз жаштарынан түзүлгөн коомдор, кыргыз мигранттарына адаптациялашууга жана эмиграцияга байланыштуу кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берген маанилүү социалдык тармактарга айланат. Бул жамааттар рухани колдоо гана көрсөтпөстөн, социалдык өз ара аракеттенүү жана өз ара жардам түрүндө практикалык жардамды да берет(Cochrane, 2013). Мунун мисалы катары мигранттардын диний жана маданий иш-чараларга активдүү катышуусу саналат. Бул алардын социалдык активдүүлүгүнө жана белгилүү бир топко таандык болуу сезимин калыптандырууга көмөктөшөт. Стамбулда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө мигранттардын адаптациясы үчүн диний практиканын маанилүүлүгүн тастыктаган бир катар негизги аспектилер да аныкталган. Мечиттердеги байкоолор жана респонденттер менен болгон интервьюлар диний жашоо жеке идентидүүлүктү сактоого гана эмес, ошондой эле өз маданияты жана жамааты менен байланышты колдоого жардам берерин көрсөттү. Диний иш-чараларга катышуу социалдык тармактарды чыңдоого жардам берип, тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн түзөт. Бул жаңы маданий чөйрөдө ийгиликтүү адаптацияга көмөктөшөт. Жыйынтыктап айтканда, маданий адаптация, социалдык идентидүүлүк жана социалдык капитал теорияларынын колдонулушу диндин Стамбулдагы кыргыз мигранттарынын адаптация процесстерине, ошондой эле алардын маданий жана улуттук баалуулуктарын сактоого кандайча таасир этерин тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары:** Изилдөө көрсөткөндөй, дин кыргыз мигранттарынын Түркияда адаптация болуу процессинде көп кырдуу роль ойнойт. Дин аларга социалдык жана маданий кыйынчылыктарды жеңүүгө, өз маданиятына таандык сезимин сактоого жана руханий тең салмактуулугун бекемдөөгө жардам берет. Мигранттардын айтымында, дин жамаатты бириктирүүчү күч болуп саналат. Маданий жана диний иш-чаралар аркылуу өз ара байланыш түзүп, колдоо көрсөтүшөт. Дин, ошондой эле, ички бейпилдикке жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Бул аларга адаптация процессиндеги стрессти жана кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет. Диний практикалар мигранттарга мекенинен алыс болсо да, улуттук иденттүүлүгүн жана маданий каада-салттарын сактоого мүмкүндүк берет. Алар динди баалуулуктарды сактоонун жана башка мигранттарга үлгү болуунун жолу катары көрүшөт. Адалдык принциптерин сактоо сыяктуу көрүнүштөр маданий иденттүүлүктүн бир формасы катары кабыл алынат. Диний жамааттар кыргыз мигранттары үчүн маанилүү социалдык тармактарга айланат. Алар руханий жана материалдык колдоо көрсөтүп, өз ара аракеттенүү жана баарлашуу үчүн платформа түзөт. Рамазан жана Курбан

айт сыяктуу диний майрамдар кыргыз диаспорасын бекемдөө, ошондой эле жергиликтүү тургундар менен байланыш түзүү үчүн платформа болуп кызмат кылат. Ал майрамдар кыргыз диаспорасы менен да, жергиликтүү мусулмандар менен да байланышты чыңдоого жардам берет. Стамбулдагы мечиттер диний функцияны гана эмес, баарлашуу, өз ара жардамдашуу жана маданий пикир алмашуу үчүн социалдык аянтчалардын ролун да аткарат. Жума намаздарга жана мечиттердеги жолугушууларга катышуу социалдык байланыштарды кеңейтүүгө жана жамааттык биримдикти бекемдөөгө өбөлгө түзөт(Kırmızı, 2018). Жалпы ислам мурасы кыргыз мигранттарынын түрк коомуна интеграцияланууу процессин жеңилдетет. Окшош диний каада-салттар жергиликтүү мусулман коомчулугу менен жалпы тил табууга жардам берет. Биргелешип намаз окуу, орозо кармоо жана майрамдарга катышуу жалгыздык жана социалдык обочолонуу сезимин азайтууга көмөктөшөт. Рамазан айы жамаат менен байланышты бекемдөө мүмкүнчүлүгү катары кабыл алынат. Айрымдар диний практикаларга азыраак катышып, маданий аспектилерге басым жасашат.Жаштардын муктаждыктарына ылайыкташтырылган иш-чаралар уюштурулат. Жыйынтыктап айтканда, дин кыргыз мигранттарынын адаптацияланышында жана өзүнүн ким экенин сактоосундагы көп кырдуу ролун баса белгилейт.

**Адабияттар:**


1. Российская социологическая энциклопедия, 1998
2. Berry, J. W. (1997). Immigration, Acculturation, and Adaptation. Applied Psychology, 46(1), 5-34.
3. Bourdieu, P. (1983). The Forms of Capital. In J. G. Richardson (Ed.), Handbook of Theory and Research for the Sociology of Education (pp. 241-258). Greenwood.
4. Cochrane, J. (2013). Religion, Migration and Social Capital. Oxford University Press.
5. Kırmızı, S. (2018). The Role of Religious Practices in Migration: A Case Study of Central Asian Migrants in Istanbul. Migration Studies Journal, 12(3), 45-60.
6. Kirişci, K. (2010). The Role of Religious Communities in Migrant Integration: The Case of Turkish and Central Asian Migrants in Istanbul. Turkish Migration Review, 3(2), 7-21.
7. Mead, M. (1954) Growing Up in New Guinea
8. Putnam, R. D. (2000). Bowling Alone: The Collapse and Revival of American Community. Simon & Schuster.
9. Silk, M. (2013). Religion and Migration: The Changing Role of Faith in the Lives of Migrants. Sociology of Religion, 74(1), 58-75.
10. Ismailov, R. (2017). Islamic Practices of Central Asian Migrants in Istanbul: Identity, Community, and Resistance. Central Asian Studies, 6(2), 90-106.